DOI:10.26104/NNTIK.2022.83.27.052

*Мадмуратова З.Г., Бабаев Д.Б.*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНДА ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАНЫН НЕГИЗИНДЕ АДЕПТИК ТҮШҮНҮКТӨРДҮ КАЛЫПТАНДЫРУУНУН МААНИСИ

*Мадмуратова З.Г., Бабаев Д.Б.*

# ВАЖНОСТЬ ФОРМИРОВАНИЯ НРАВСТВЕННЫХ ПОНЯТИЙ У УЧЕНИКОВ НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЫ НА ОСНОВЕ НАРОДНОЙ ПЕДАГОГИКИ

*Z. Madmuratova, D. Babaev*

# THE IMPORTANCE OF FORMING MORAL CONCEPTS IN ELEMENTARY SCHOOL STUDENTS BASED ON FOLK PEDAGOGY

*УДК: 370/247-91*

*Башталгыч мектепте адамдын мүнөзүн, акылы жана адептик сапаттарын, коомдогу жүрүм-турумун аныктоочу жөндөмү жана касиеттери түптөлүп калыптанат. Эл керегине жараган атуулдарды тарбиялоодо башталгыч мектеп зор милдеттерди аткарат. Ошол себептен биз изилдөөгө алган жалпы билим берүүчү мектептердин башталгыч класс окуучуларына системалуу түрдө адептик таалим-тарбия берүү аркылуу аларда элдик идеалга жана заманга шайкеш келген нарктуу адептик-ыймандык сапаттарды, маданияттуу жүрүм-турум адебин калыптандырууда педагогдун ордун изилдөө негизги орунду ээлейт. Ошондой эле макалабызда башталгыч класстын окуучуларында элдик педагогиканын негизинде адептик түшүнүктөрдү өздөштүрүүнүн мааниси, адептик жүрүм-турумду калыптандырууда окуучулардын жүрүм-турумуна багыт берүүчү талаптар, адам коомунун тарыхый өнүгүү жолунда иштелип чыккан түбөлүктүү, кыярбас жалпы адамзаттык жана улуттук рухий-маданий жана адептик дөөлөттөрдүн балдарда адеп-ахлактык түшүнүктөрдү өздөштүрүүдөгү ролу кенен изилденген. Болочок педагогдорду даярдоодо мектеп окуучуларын адамдык-асыл сапаттарга, жүрүм-турум нормаларына ээ болууга үйрөтүү менен башталгыч класстын окуучуларында элдик педагогиканын негизинде адептик түшүнүктөрдү өздөштүрүүнүн маанисин изилдөө негизги максатыбыз болуп эсептелет.*

***Негизги сөздөр:*** *адептик тарбия, элдик идеал, элдик педагогика, жүрүм-турум, улуттук, адеп-ахлак, тарыхый-өнүгүү, башталгыч класс, окуучулар, тарбиялоо.*

*В начальной школе у человека формируются характер, интеллект и нравственные качества, способности и качества, определяющие поведение в обществе. Начальная школа играет важную роль в воспитании граждан, поэтому путем планомерного нравственного воспитания учащихся начальных классов в изучаемых нами общеобразовательных школах формируются у них ценные нравственно-духовные качества в соответствии с национальными идеалами и современностью, а также культурное поведение, изучение роли учителя занимает центральное место. А также в статье рассматриваются важность приобретения нравственных понятий учащимися начальных классов на основе народной педагогики, требования к руководству поведением учащихся в формировании нравственного поведения, вечная, нерушимая общечеловеческая и национальная духовная, культурно-нравственная ценностей, сложившихся в истории человеческого общества. Его роль в приобретении нравственных понятий широко изучалась. Нашей основной целью в подготовке будущих учителей является изучение значения приобретения нравственных понятий у учащихся начальных классов на основе народной педагогики, обучение школьников овладению человеческими качествами и нормами поведения.*

***Ключевые слова:*** *нравственное воспитание, национальный идеал, народная педагогика, поведение, национальное, нравственное, историко-развивающее, начальная школа, учащиеся, воспитание.*

*In elementary school, a person develops character, intellect and moral qualities, abilities and qualities that determine behavior in society. Primary school plays an important role in the education of citizens, therefore, through the systematic moral education of primary school students in the secondary schools we study, valuable moral and spiritual qualities are formed in them in accordance with national ideals and modernity, as well as cultural behavior, the study of the role of the teacher occupies a central place. The article also discusses the importance of acquiring moral concepts by primary school students on the basis of folk pedagogy, the requirements for guiding the behavior of students in the formation of moral behavior, the eternal, indestructible universal and national spiritual, cultural and moral values that have developed in the history of human society. Its role in the acquisition of moral concepts has been widely studied. Our main goal in preparing future teachers is to study the importance of acquiring moral concepts from primary school students on the basis of folk pedagogy, teaching schoolchildren to master human qualities and norms of behavior.*

***Key words:*** *moral education, national ideal, folk pedagogy, behavior, national, moral, historical and developmental, elementary school, students, education.*

Адептик тарбия берүү учурдун зарыл маселелеринин бири. Учурдагы мектеп балдарга билим берүүгө көбүрөөк ооп, алардын адептик сапаттарын калыптандырууну башталгыч класстарда эле интернеттеги маанисиз маалыматтарга кызыгуу, классы жогорулаган сайын мектеп рекетчилигин күнүмдүк турмуштарына киргизүүгө аракеттенүү улам байкалууда. Мындай терс таасирлерге бөгөт коюу, мектептеги тарбиялоо иштерин алга жылдыруу, педагогдор, ата-энелер үчүн кечиктирилгис милдет жана коомубуздагы зарыл социалдык муктаждык болуп отурат.

Эзелтен эле элибиз таалим-тарбия маселесине айрыкча экинчи планга сүрүп жаткандыктанбы айтор,

терс көрүнүштөр күчөп, ал түгүл көңүл буруп, анын маанисин, ролун баса белгилеп, жаңы бийиктикке көтөрүп, турмуштук көз-караштан улам байытып, кеңейтип, толуктап, аны кийинки муунга өткөрүп келген [1]. «Балдар-биздин келечегибиз!» - деген ураан ар бир өлкөдө негизги орунду ээлейт, демек, биздин эртеңкибиз бүгүнкү таалим-тарбия алып жаткан жаш жеткинчектерде экендиги талашсыз. Чындыгында, өлкөбүздүн келечегинин кандай болушу, кандайча өнүгүп-өсүшү, албетте, бүгүнкү муундарга байланыштуу. Ошондуктан, «Тарбия-улуу иш, ал аркылуу адамдын келечек тагдыры чечилет» - деп айткан Н.Г. Чернышевскийдин акылман сөзүнүн төркүнү тереңде жатат. Ошол себептен бүгүнкү күндө өсүп келе жаткан жаш муундарды, адептүүлүккө, ыймандуулукка тарбиялоо-учурдун негизги талабы. Албетте, Ала-Тоо аймагыбызга туш-тараптан ар кандай оң да, терс да таасирлердин агылып келип жатышы, ааламдашуу процессинин мурда болуп көрбөгөндөй тездеши бизди улуттук баалуулуктарга, элдик оозеки чыгармачылыктарга кайрылууга, андан таалим-тарбия алууга өзүнөн-өзү мажбур кылууда.

«Эгерде биз кылымдардын акыл-насаатына кулак салбасак, анда биз эч качан өнүгө албайбыз жана биздин ата-бабалардын арбагы урат» - деп Түгөлбай Сыдыкбековдун айтканы эң маанилүү.

Белгилүү болгондой бул багытта атайын тарбия концепциясы кабыл алынып, талкууланып, аны ишке ашыруу, иш чараларды иштеп чыгуу демилгеленген. Ошондой эле адептик тарбиясынын стратегиясын иштеп чыгууда биз жогоруда белгилеп өткөндөй кыргыз элинин педагогикасынын ролу чоң жана мектеп окуучуларын тарбиялоодо колдонуунун педагогикалык шарттарын жана негиздерин иштеп чыгуу илимдин бул тармагы үчүн ар дайым актуалдуу болуп эсептелет. Бул багытта классикалык педагогдордун (Ш.А. Амоношвили, Я.А. Коменский, А.С. Макаренко, И.Г. Песталоцци, Ж.Ж. Руссо, В.А. Сухомлинский, Л.Н. Толстой) адептик тарбия тууралуу ойлорун жана аны ишке ашыруунун усулдарын караган окумуштуулардын (Н.И. Болдырев, О.С. Богданова, В.Е. Гурин, О.Г. Дробницкий, Б.Т. Лихачев, В.М. Коротов.) изилдөөлөрүн улуттук салттык маданияты жана элдик чыгармалардагы этнопедагогикалык ойлорду ачып берген эмгектерди (А.Алимбеков, А.Аттокуров, В.Ф. Афанасьев, Ж. Бешимов, Г.Н. Волков, А.Ш. Гашимов, А.Э. Измайлов, Н.И. Имаева, А.Т. Калдыбаева, А.Муратов, М.Р. Рахимова, С. Рысбаев ж.б.) о.э. адептик тарбиялоонун ар түрдүү проблемалары боюнча кыргыз педагогдорунун ойлорун (К. Алдашева, Н. Асипова, Ж.Ж. Тургунбаева, С. Байгазиев, И. Бекбоев, Б. Исаков, С. Иптаров, Ж. Койчуманова, Р. Курманкожоева, А. Раимкулова, М. Чоров ж.б.) пайдалануу менен биз бул маселелерди дагы кенен түшүнүп, кыргыз элдик чыгармачылыгындагы чыгармалар аркылуу азыркы мектеп окуучуларына адеп-ахлактык тарбия берүүнү жакшырта алуу үчүн багыт алабыз [2].

Башталгыч мектепте адамдын мүнөзүн, акылы жана адептик сапаттарын, коомдогу жүрүм-турумун аныктоочу жөндөмү жана касиеттери түптөлүп калыптанат. Эл керегине жараган атуулдарды тарбиялоодо башталгыч мектеп зор милдеттерди аткарат. Ошол себептен биз изилдөөгө алган жалпы билим берүүчү мектептердин башталгыч класс окуучуларына системалуу түрдө рухий-адептик таалим-тарбия берүү аркылуу аларда элдик идеалга жана заманга шайкеш келген нарктуу адептик-ыймандык сапаттарды, маданияттуу жүрүм-турум адебин калыптандырууну изилдөө негизги максат болуп саналат.

Бул максатка жетүү үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлат:

- Мектеп окуучуларында терең адептик аң-сезимди жана түшүнүктөрдү калыптандыруу;
- Адептик сезимдерди тарбиялоо;
- Адептик ынанымдарды иштеп чыгуу.

Жүрүм-турумда жекече жана коомдук нарк-насилге төп келген көндүм адаттарды жана билгичтиктерди калыптандыруу ж.б. Адептик билим берүүнүн мазмунун өрнөктүү адам инсанын калыптандыруу жагындагы кыргыз элинин нечен кылымдардан бери сакталып келе жаткан адептик акыл-ойлору, эрежежоболору, жол-жосундары, дөөлөт-мурастары, ошондой эле жалпы адамзаттык адептик казынасынан алынган асыл нарктар түзөт.

Педагогика илиминде адептик жактан таза болуунун критерийлери төмөнкү өлчөмдөр менен карашкан учурлар кездешет:

- адептүүлүктү билүү;
- адептик компетенттүүлүктөргө ээ болуу;
- адамдарды жана дүйнөнү жашоону сүйүү;
- достошуу;
- эмгек кылуу (мээнеткеч болуу);
- сактоо;
- жардамдашуу.

Кыргыз эли да адамдын адеп-ахлак жактан тарбиялуу экендигин ушундай чен-өлчөмдөр менен карашкан жана «адептүү» жана «адепсиз» - деп аларды бөлүп, адепсиздерди адептүүлөргө кошуу менен тарбиялык иштерди жүргүзгөн [2].

Адам коомунун тарыхый өнүгүү жолунда иштелип чыккан түбөлүктүү, кыярбас жалпы адамзаттык жана улуттук рухий-маданий жана адептик дөөлөттөр: айкөлдүк, чынчылдык, адилеттүүлүк, ар намыстуулук, ыймандуулук, адептүүлүк, ыйбаалуулук, достук, ак-ниеттүүлүк, ынтымактуулук, сабырдуулук, кечиримдүүлүк, адамгерчиликтүүлүк, коомдун кийинки өнүгүү баскычында иштелип чыккан жаңыча принциптер менен нормалар, ошондой эле бүгүнкү өнүгүү баскычында калыптанып жаткан улуттук-мамлекет-

тик жана адам укугун коргоого багытталган асылдыктар да адептик билим берүүнүн мазмунуна кирет. Аларга: ата-энени, ата мекенди, эне тилди кастарлап сыйлоо, өз элиңдин рухий-ыймандык нарк-насилин өздөштүрүү, мамлекеттик символдорду, Конституцияны, мыйзамдарды урматтоо, өлкөдөгү жана дүйнөдөгү окуяларга көңүл кош болбоо, башка маданияттын, элдин бөтөнчөлүктөрүнө көтөрүмдүү болуу, өзүнө талап коё билүү, коюлган милдетке жоопкерчиликтүү мамиле жасоо, көтөрүмдүүлүк, жигердүүлүк, демилгелүүлүк, ишкердик сыяктуу аракеттер жана сапаттар кирет.

Жогоруда айтылган улуу сапаттардын ар бири мектеп окуучусунда болуусу зарыл деп эсептейбиз. Ошондуктан, окуучуларда адептик түшүнүктөрдү калыптандыруу ал түшүнүктөрдүн төркүнүн калпыс түшүнүүнүн, жаңылыш колдонуунун алдын алып, адептик түшүнүктөрдүн маңызын так жана туура туюмдоого, б.а. адептик көз караштардын айкындыгына алып келиши керек. Болочок педагог адептик түшүнүктөрдү калыптоодо андагы ички байланышты, уланмалуулукту бекем сактоосу зарыл экенин түшүнүүсү керек. Антпесе бирдиктүү адептик аң-сезимди тарбиялоо жолу бузулат. Айрым сөздөрдүн, түшүнүктөрдүн, туюнтмалардын маани-маңызы улам класс жогорулаган сайын тереңдеп, алардын жаңы кырлары, маанилери ачылып жүрүп олтурушу керек.

Адептик түшүнүктөрдү калыптандыруу бир нече баскычтарды басып өтөт. Окуучуларга адегенде моралдык көрүнүштөрдүн айрым белгилерин баамдаганга жардам берүү керек, анан окуучулар педагогдун жетекчилиги астында анын орчундуу, маанилүү жактарын акырындап ачууга аракеттенишет. Бир адептик түшүнүктү экинчисинен айырмалоону, алардын ортосундагы байланышты аныктоону үйрөнүшөт. Ошентип, аң-сезимдүү түрдө өздөштүрүлгөн адептик элестер, түшүнүктөр, көз караштар адептик аң-сезимди жаратат.

Адептик аң-сезимди калыптандыруу тийиштүү түшүнүктөрдү өздөштүрүү менен эле чектелбейт. Ал окуучулардын бул түшүнүктөрдө чагылган адептик принциптерге карата активдүү мамилесин, аларды өз жүрүм-турумунда колдонууга умтулуусун да камтыйт. Мына ошондо гана адептик түшүнүктөр адептик ынанымга айланат да, адептүү жүрүм-турумдун ички жүйөсү болуп калат.

Адептик ынанымдар – адептик нормаларга жана принциптерге карата бекем, туруктуу көз караш. Алардын акыйкаттыгына, тууралыгына окуучу өз аңсезиминде терең, шексиз ишенет. Ошондуктан, адептик ынанымдар адамды жүрүм-турумдун кандайдыр бир нормасына салып, активдүү аракетке, кадам жасоого, жигердүү ишке шыктантып турат. Алар адамдын коомдук жүрүм-турумунун өзөгүн түзүү менен аны аныктап да турат. Адептик ынанымдар саясий, идеологиялык, илимий ынанымдар менен байланыштуу. Жетик, терең ынанымдар туруктуу, бекем көз караштардын бирдиктүү системасын түзүү менен адамдын дүйнөгө болгон көз карашын аныктайт. Адептик ынанымдар адамдан өзгөчө этикалык кеңири жана терең билимди талап кылат. Албетте, мораль жөнүндөгү билимдердин жөнөкөй гана суммасы өзүнөн өзү адептик ынанымга айланбайт. Ал үчүн адам алардын акыйкаттуулугу, шексиздиги тууралуу эмоционалдык сезимден өткөрүп, «күйүп жануусу» керек. Ошондо гана адептик ынанымдар адамдын жүрүм-турумун ырааттуу, логикалуу, максаттуу кылат.

Адептик ынанымдар кенже куракта, башталгыч класста көбүнесе чоңдордун айтуусу менен аныктался, өспүрүм кезде курбу-курдаштарынын пикирине көбүрөөк таянат, ал эми жогорку класстарда жеке өзүнүн сынчыл ой-пикири алдыңкы планга чыгат. Ошондуктан адептик ынанымдарды калыптандыруу процесси окуучунун аналитикалык, б.а. рационалдуу ой жүгүртүүсүн ырааттуу өнүктүрүү менен тыгыз байланыштуу болот.

Адептик сезимдер – адептүүлүктүн эрежелери жана принциптери менен жөнгө салынуучу жоруккжосундарга жана иш-аракеттерге карата адамдын ички толгонуулары. Адептик сезимдер коомдук жана жекече өңүттө болушу мүмкүн. Коом, эл үчүн маанилүү иштер адамдын моралдык канааттануусун жаратып, өзүнүн жекече түйшүгүн унуткарып коюшу мүмкүн. Ата мекенди коргоо, элдин кызматын аткарууга даяр туруу, достук шертке бекем болуу сыяктуу сезимдер адамдын али жаш адептик сезимдерин байытат. Адептик сезимдерди калыптоодо таасирдүү сөз да, улуттук салттар да, адабий-фольклордук чыгармалар да, биографиялык материалдар да зор мааниге ээ. Өлкөнүн, элдин басып өткөн татаал жана даңктуу жолу, улуттун эр жүрөк, даанышман уул-кыздарынын өрнөктүү өмүрү, алардын өтөгөн кызматы, атүгүл ар бир айылдын санжыргалуу таржымалы тарыхыйадептик маани-маңызга ээ. Адептик сезимдер өзгөчө уул жана кыз балдардын ортосундагы мамиледе бөтөнчө орунда турат. Ошондуктан алардын тарбиясына өзгөчө көңүл буруп, өз ара сыйлашуу, достук, күйүмдүүлүк, жапакечтик сезимдерин өрчүтүп, өзүнүн жана башка адамдын адамдык беделин сыйлай билүүгө үйрөтүү маанилүү. Ошону менен бирге эле заманга шайкеш келбеген терс сапаттарды жоюуга аракеттенүү керек.

Адептик жүрүм-турум адептик түшүнүктөрдүн, адептик аң сезимдин, адептик сезимдүүлүктүн жана көнүмүш адаттардын негизинде калыптанат. Адептик жүрүм-турумдун табияты өтө татаал. Ал адептик түшүнүктөрдү жана көз караштарды кургак жаттап алуу менен чечилбейт. Бүгүнкү күндө адептик эрежелерди мыкты билсе да, өз жүрүм-турумунда аларды аткарбаган адамдар көп. Бул алардын туруктуу адептик

ынанымы жана бекем адептик көнүмүш адаттарынын жоктугунан улам келип чыккан көрүнүш.

Ошондуктан педагог баланы тарбиялоодо мына ушундай адаттарга маани берип, бала тарбиялоодо бекем адептик сапаттарды калыптандырууга ынандырышы керек. Ынаным качан гана адамдын сезими жана эрки менен жуурулушуп, анын ички тирегине айланганда гана нукура ынаным деп эсептелет.

Адептик жүрүм-турумду калыптандырууда окуучулардын жүрүм-турумуна багыт берүүчү талаптарга көп нерсе байланыштуу. Андай талаптар элдик макал-ылакаптарда, учкул сөздөрдө, накыл кептерде таасын чагылган. Мында өз элинин гана эмес, башка элдердин да учкул ойлорунан, таасирдүү туюнтмаларынан мисалдар келтирип, адептик-ыймандык талаптар менен эрежелердин жалпы адамзаттык маанисин ачууга аракеттенүү керек. «Элибиз айткандай», «Элде сакталып келгендей» - деген сыяктуу жүйө-негиздер жана мисалдар окуучуларды муютуп, аларды аң-сезимдүү жүрүм-турумга нускабай койбойт [4].

Демек, адеп-ахлак, ыйман адам баласы төрөлгөндөн өлгөнгө чейинки мезгилде калыптанып жана башкаларга да үлгү боло турган негизги адамдык сапаттар болуп эсептелет. Коомубузда, элибизде, динибизде адамдардагы асыл сапаттар жогору бааланып келет.

Ошондуктан, келечекти куруу үчүн жаш муундун таалим-тарбиясы маанилүү. Жогорудагы адаттарды тарбиялоодо учурда ата-энелердин тарбиясы да жетишсиз болгону байкалууда. Ошон үчүн адептик-аң сезимди калыптандырууда ата-энелер да, мугалимдер да жакшылыкка баланы жашынан тынымсыз үйрөтүү менен тарбияласа, келечекте адептүү, айкөл, жоомарт, чыныгы инсан болуп калыптануусуна шек санабайбыз [5].

Жаштары адептүү болгон элдер дайыма алга карай өнүгөт эмеспи. Бир элди өнүктүрүү үчүн жамандарын жок кылуу эмес, жаңы муунду, улуттук маданият, адеп-ахлактуу, таалим-тарбиялуу кылып тарбиялоо керек. Башталгыч класстын окуучуларында адептик түшүнүктөрдү калыптандыруу да жогоруда айтылгандай максаттарды көздөйт. Анткен менен адеп-ахлак, ыйман баалуулуктары өмүр бою калыптанып, үйрөнүүчү баалуулук.

**Адабияттар:**

1. Рахимова М.Р., Абдыкеримова М.А. Педагогиканын теориясы, системасы жана технологиясы. - Бишкек, 2007. - 130-б.
2. Тургунбаева Ж. Азыркы доордогу адеп тарбисынын эң зарыл милдетер жана кыргыз фольклору. / Эл агартуу 2011-жыл №11-12. - 20-21-б.
3. Иптаров С. Адептик билим берүүнүн айрым илимий-методикалык маселелери: Мугалимдер үчүн усулдук колдонмо. - Бишкек: Аль Салам, 2012.
4. Расулова З.А., Тороев Ы.Т. Мектеп окуучуларын адептүүлүккө тарбиялоодо инсандык сапаттарды калыптандыруу / Расулова З.А. / Наука новые технологии Кыргызстана. - Бишкек, 2016. - №8. - С. 118. http://www.science-journal.kg/ru/journal/1/2016/8/
5. Замирбек кызы А., Мадмуратова З.Г. Кыргыз эл педагогикасындагы адеп-ахлак түшүнүгүнө болгон көз караштар. / Мадмуратова З.Г. / Известия ВУЗов Кыргызстана. - Бишкек, 2021. - №3. - С. 199-202. http://science-journal.kg/ru/journal/2/2021/3/